6. Алимбеков, А. Окутуунун жалпы методдору / А. Алимбеков, М. Ташпынар. – Бишкек : КТМУ, 2004. – 236 б.
7. Алимбеков, А. Орто мектептин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы / А. Алимбеков. – Бишкек, 2019. – 137 б.
8. Муратов, С. Педагогикалык инновациялар жана технологиялар / С. Муратов. – Бишкек : Илим, 2019. – 180 б.
9. Бережная, Т. Н. Формирование инновационной методической культуры учителя начальных классов в процессе профессиональной подготовки в вузе : автореф. дис. … канд. пед. наук : 13.00.08 / Т. Н. Бережная. – Краснодар, 2010. – 22 с.
10. Югфельд, И. А. Подготовка будущих учителей к использованию игровых технологий в процессе изучения психолого-педагогических дисциплин : автореф. дис. … канд. пед. наук : 13.00.08 / И. А. Югфельд. – Тула, 2012. – 23 с.
11. Alimbekov, A. et al. Üniversite öğretim elemanlarının pedagojik yeterlikleri sergileme konusunda yaşadıkları sorunlar/zorluklar ve eğitim ihtiyaçlarının değerlendirilmesi // Manas Journal of Social Studies. – 2021. – Vol. 10, No. 1. – C. 82–97.

**УДК 373** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.417**

# 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ШАРТЫНДА БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН ОКУТУУНУН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

*Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна*
*ORCID: 0009-0008-9423-4647*
*ОшМПУ, окутуучу*
*nur_kg_93@list.ru*

**Аннотация:** Бул макалада дүйнөдө билим берүү системасы күн сайын жаңырып, жаңы тенденцияларга жол ачылып, эмгек рыногуна суроо-талап өзгөрүүдө, мына ошого байланыштуу башталгыч мектептерде интеграцияланган сабактардын артыкчылыктары каралат. Ошондуктан 12 жылдык окутууга өтүү дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин негизги тенденцияларынын бири болуп саналат. Бул трансформация салттуу окутуу процесстерин уюштуруудагы мамилелерди кайра карап чыгууну жана XXI кылымдын чакырыктарына даяр бүтүрүүчүлөрдү сапаттуу даярдай ала турган жаңы педагогикалык стратегияларды издөөнү талап кылат. Интеграцияланган окутуу бул контекстте салттуу предметтик окутуунун бөлүнмөлүүлүгүн жеңип, окуучуларда дүйнөнүн бүтүндүү картинасын калыптандырууга шарт түзгөн инновациялык ыкма катары өзгөчө мааниге ээ. Бул көйгөйдү изилдөөнүн актуалдуулугу 12 жылдык мектеп алкагында интеграцияланган билим берүү программаларын теориялык негиздөөнүн жана практикалык жүзөгө ашыруунун зарылчылыгына байланыштуу. Заманбап эмгек рыногу бүтүрүүчүлөрдөн өзүнчө тармактар боюнча терең билим гана эмес, ошондой эле тармактар аралык ой жүгүртүү жөндөмүн, системалуу талдоо жана комплекстүү маселелерди чечүү жөндөмүн талап кылууда. Интеграцияланган окутуу дал ушундай компетенцияларды калыптандырууга шарт түзөт, ошондуктан билим берүү системасын модернизациялоо шартында аны изилдөө өтө актуалдуу.

**Ачкыч сөздөр:** билим берүү, мыйзам, интеграция, функционалдуулук сабаттуулук, критикалык ой жүгүртүү, өнүктүрүү.

# ЗНАЧЕНИЕ ИНТЕГРИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ В УСЛОВИЯХ 12-ЛЕТНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

*Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна*
*ORCID: 0009-0008-9423-4647*
*ОшМПУ, преподователь*
*nur_kg_93@list.ru*

**Аннотация.** В этой статье рассматриваются преимущества интегрированных предметов в начальных школах, поскольку система образования в мире обновляется каждый день, уступая место новым тенденциям и меняя спрос на рынке труда. Вот почему переход на 12-летнее обучение является одной из основных тенденций в мировом образовательном пространстве. Эта трансформация требует пересмотра подходов к организации традиционных процессов обучения и поиска новых педагогических стратегий, которые могут качественно подготовить выпускников, готовых к вызовам XXI века. Интегрированное обучение имеет особое значение в этом контексте как инновационный подход, который преодолевает сегрегацию традиционного предметного обучения и позволяет учащимся формировать целостную картину мира. Актуальность изучения данной проблемы обусловлена необходимостью теоретического обоснования и практической реализации интегрированных образовательных программ в рамках 12-летней школы. Современный рынок труда требует от выпускников не только глубоких знаний в отдельных областях, но и навыков межотраслевого мышления, системного анализа и решения сложных проблем. Интегрированное обучение способствует формированию именно таких компетенций, поэтому его изучение крайне актуально в условиях модернизации системы образования.

**Ключевые слова:** образование, закон, интеграция, функциональная грамотность, критическое мышление, развитие.

## THE IMPORTANCE OF INTEGRATED TEACHING IN PRIMARY SCHOOL UNDER THE 12-YEAR EDUCATION SYSTEM

***Mendibaeva Nurkan Mendibaevna***
***ORCID: 0009-0008-9423-4647***
***OSPU, teacher***
***nur_kg_93@list.ru***

**Abstract.** This article examines the advantages of integrated subjects in primary schools, as the world's education system is being updated every day, giving way to new trends and changing demand in the labor market. That is why the transition to 12-year education is one of the main trends in the global educational space. This transformation requires a revision of approaches to the organization of traditional learning processes and the search for new pedagogical strategies that can qualitatively prepare graduates ready for the challenges of the 21st century. Integrated learning is of particular importance in this context as an innovative approach that overcomes the segregation of traditional subject-based learning and allows students to form a holistic picture of the world. The relevance of studying this problem is due to the need for theoretical justification and practical implementation of integrated educational programs within the framework of a 12-year school. The modern labor market requires graduates not only to have in-depth knowledge in certain fields, but also skills in interdisciplinary thinking, systems analysis, and solving complex problems. Integrated learning contributes to the formation of such competencies, therefore, its study is extremely relevant in the context of the modernization of the education system.

**Keywords:** education, law, integration, functional literacy, critical thinking, development.

Келечекте билим берүү кандай болот жана эмне үчүн ага даярданышыбыз керек? Элестетиңиз сиз эрте менен өзүңүздүн бөлмөңүздө эмес, келечектин үйүндө ойгонуп жатасыз. Коңгуроонун ордуна - үн жардамчы ойготот. Планшетиңиз дароо сабактардын иреттемесин жүктөйт, ал эми биология сабагында виртуалдык чындык көз айнеги аркылуу адамдын ички түзүлүшүн изилдейсиз. Дептер жок, бирок санарип портфолио бар, анда идеяларыңызды, максаттарыңызды жана каталарыңызды жазасыз. Бул илимий фантастика эмес, жакынкы 15-20 жылда мүмкүн болуучу келечек. Чыныда дүйнө өтө тездик менен өзгөрүүдө.

Дүйнө кантип өнүгүп жатат? Мурда дүйнөдө алтын, мунай зат сыяктуу жаратылыш байлыктары барлар өнүгүп келсе, кийинки кезде адам капиталы, адамдын дарамети негизинен билим берүү жана маданият аркылуу дын дарамети менен өнүгүшүүдө. Адамдын дарамети көтөрүлөт. Дагы бир кызыгы жаратылыш байлыгы улам азайып отуруп, кайсы бир мезгилде баары бир түгөнөт. Ал эми адамдын дарамети улам бекемделе берет. Ошондуктан адам

дараметин чыңдоо үчүн билим берүү системасын жакшырткан Сингапур, Финляндия сыяктуу чакан мамлекеттер уламдан-улам өнүгүп жатат. Эгер биз да адам дараметин арттыруу аркылуу өлкөбүздү өнүктүргүбүз келсе, анда билим берүү системабызга көңүл буралы. [6]

Билим берүү бүгүнкү күндө өзгөрүп жатат. Келечектеги мектептин айырмасы ал жөн эле билим берип койбостон, окууну, реалдуу маселелерди чечүүнү жана али жок дүйнөгө көнүүнү үйрөтөт. 12 жылдык билим берүү системасында башталгыч класстарда интеграцияланган окутуунун маанилүүлүгү каралат. Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарына негизделип, заманбап педагогикалык жаңылануулардын жана эл аралык тажрыйбаларынын негизинде интеграцияланган окутуунун артыкчылыктары талкууланат.

Кыргыз Республикасынын 12 жылдык билим берүү системасына өтүшү менен башталгыч класстарда интеграцияланган окутуу өзгөчө актуалдуулукка ээ болуп турат. Бул жол-жобо балдардын жалпы өнүгүүсүнө, чыгармачылыкка жана критикалык ой жүгүртүүгө жол ачкан интегралдуу билим алуусуна багытталат.

Президентибиз С.Жапаров: «Жаштар 21-кылымда өзүн ишенимдүү сезип, жогорку деңгээлдеги билимге жана көндүмгө ээ болуп, дүйнөлүк коомчулукта курдаштары менен ийгиликтүүатаандаша алышы керек» деп белгилеген. Жаңы 12 жылдык окуу программасыда 1-6-класс - 6 жаштагы балдарды толук билим берүү менен камтуу; 7-9-класс (12-14 жаш) – функционалдык сабаттуулук – турмуштук кырдаалды чечүү үчүн билгичтиктерин, жөндөмдөрүн, көндүмдөрүн калыптандыруу; 10-12-класс (15-17 жаш) – адистештирилген программалар (физика-математика, лингвистика, программалоо) кесипке багыттап окутуу. [4]

Жаңы окуу программалары менен катар баалуулуктарга негизделген ыкмалар да өзгөртүлдү, мисалы: улуттук нарк-насил, тарбия берүү маселелери жаңыланган программаларда өз ордун тапканы жана Манас атабыздын осуяттарынын предметтерге интеграцияланышы жана билим берүүнүн мазмунун улуттук иденттүүлүк менен айкалыштыруу болду.

"Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык, билим берүү системасы жеке адамдын жалпы өнүгүүсүн камсыздоого багытталат. Мыйзамда төмөнкү принциптер белгиленген:
- Билим берүүнүн гуманисттик мүнөзү
- Илимий негизге таянуу
- Дүйнөлүк билим берүү стандарттарына ылайыкташуу
- Жеке адамдын жөндөмдөрүн өнүктүрүү. [2]

Демек, 12 жылдык билим берүү системасынын концепциясы боюнча, башталгыч билим берүү этабында балдардын функционалдык сабаттуулугун калыптандыруу, ойлоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү жана чыгармачылыкка багыттоо негизги максат болуп эсептелет. Мындай шартта интеграцияланган окутуу билим берүү процессин уюштуруунун эң келечектүү ыкмаларынын бири болуп чыгат. Ал предметтер ортосундагы жасалма чек араларды жоюуга, окуучуларда системалуу ой жүгүртүүнү жана дүйнөнү бүтүндүү кабыл алууну калыптандырууга шарт түзөт. [5]

Окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга негизги күч предметтик мугалимде жана китепте. Себеби окуу программабыз жаңы болгону менен окуу куралдарыбыз жаңыланбаса, мугалимдерибиз кайра даярдоо курстарынан өтпөсө анда биздин айтып жаткан «функционалдык сабаттуулук, системалуу ой жүгүртүү, ойлоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү» кайдан болмок.

Бул багытта мугалимдерибиз Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту тарабынан этап-этап боюнча өз билимдерин өркүндөтүүдө жана окуу китептеринин методикалык колдонмолорун да алышууда. Мында мугалимдер үчүн методикалык колдонмолордо сабак өтүүнүн сунуштары, оюн ыкмаларын жана санариптик ресурстарды пайдалануу жолдору берилген.

Ал эми агартуу министрлигинин маалыматына ылайык **китептер төмөнкүдөй жаңычылдыктар менен айырмаланат:**

- Практикага негизделген ыкма – тапшырмалар күнүмдүк турмуштук жагдайлар менен байланышкан, бул математика билимин жашоодо колдонууга өбөлгө түзөт.

- Кадам-кадам менен үйрөтүү – темалар жөнөкөйдөн татаалга карай ырааттуу берилип, логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө багытталган.
- Иллюстрациялык материал – түстүү схемалар, сүрөттөр жана моделдер окутуу процессин көрсөтмөлүү кылып, жеткиликтүү түшүндүрөт.
- Интерактивдүү тапшырмалар – көнүгүүлөр жуптук жана топтук ишке ылайыкталып, кызматташуу көндүмдөрүн өрчүтүүгө көмөктөшөт.

Мындан тышкары, китептерди адаптациялоодо эки тилдүү билим берүү чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү, улуттук контекст жана башталгыч мектепте математиканы окутуунун заманбап ыкмалары эске алынган. [7]

Демек, бул маалыматка ылайык окуу китептеринин интеграцияланышы, предметтер аралык байланыштын бар экендиги бизди кубандырат.

Интеграцияланган окутуунун теориялык негиздери улуу педагогдордун идеяларына барып такалат. Я.А. Коменский өзүнүн «Улуу дидактикасында» билимдин ар кайсы тармактарынын байланышынын маанилүүлүгүн баса белгилеген. К.Д. Ушинский предметтердин өз ара байланышы аркылуу окуучуларда дүйнөнүн бүтүндүү картинасын калыптандыруунун зарылдыгын белгилеген. Дж. Дьюи болсо теориялык билим менен практикалык ишмердүүлүктүн интеграциясынын маанилүүлүгүн негиздеген. [1]

Азыркы изилдөөчүлөр бул идеяларды өнүктүрүп, интеграцияны билим берүү процессин уюштуруунун фундаменталдык принциби катары кароодо.

Мен мурдагы изилдөөлөрүмдө: «интеграцияланган сабактар мугалимге айрым темаларды окууга кеткен убакытты кыскартууга, ар кандай предметтер боюнча материалдардын кайталанышын жоюуга жана окутуу учурунда мугалим баса белгилеген максаттарга мисалы, кепти, ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл бурууга (ар кандай формада) мүмкүндүк берет. Интеграцияланган сабактар бир иштин түрүнөн экинчисине өтүү аркылуу окуучулардын чарчоосун жана ашыкча чыңалуусун бошотот», - деп белгилегенмин. [3]

Демек, интеграцияланган сабак - (лат. integratio – бүтүнгө бириктирүү) – бири-бири менен байланышы бар окуу материалдарын окуучулардын аң-сезиминде бир бүтүн системага келтирүүгө арналган сабактын түрү. Интеграцияланган окутуу болсо – бул айрым предметтер боюнча билимдерди бирдиктүү бүтүндүккө айкалыштырган система, анын негизинде балдардын дүйнөнү бүтүндөй кабыл алуусу калыптанат.

Ал эми интеграцияланган окутуу – бул ар кандай предметтердин мазмунун жалпы темалар, көйгөйлөр же долбоорлордун айланасында бириктирүүгө негизделген педагогикалык ыкма. Бул мамиле илимий билимдин бүтүндүүлүк принцибине таянат жана окуучуларда кубулуштар менен процесстерди системалуу түшүнүүнү калыптандырууга багытталат.

12 жылдык билим берүү системасы интеграцияланган мамилени ишке ашырууга ыңгайлуу шарттарды түзгөн бир катар өзгөчөлүктөргө ээ:

- Материалды терең изилдөөгө жана предметтер аралык байланыштарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- Жогорку класстардын профилдештирилиши интеграцияланган курстарды түзүүгө шарт түзөт;
- Практикалык багыттуулуктун күчөтүлүшү теория менен практиканы айкалыштырууга негиз берет;
- Долбоордук ишмердүүлүктүн өнүгүшү предметтер аралык мамилени талап кылган окуу милдеттерин чечүүгө өбөлгө түзөт;

Интеграцияланган окутууну 12 жылдык билим берүүдө ишке ашыруу бир катар артыкчылыктарды берет:

- Системалуу ой жүгүртүүнү калыптандыруу. Ар кандай кубулуштардын байланышын көрүү жана комплекстүү маселелерди чече билүү жөндөмүн өнүктүрөт.
- Окууга болгон мотивациянын жогорулашы. Предметтер аралык байланыш окууну кызыктуу жана маанилүү кылат.

- Чыгармачылык жөндөмдөрдү өнүктүрүү. Ар кандай тармактардагы билимди синтездөө инновациялык ой жүгүртүүгө түрткү берет.
- Метапредметтик компетенцияларды калыптандыруу. Универсалдуу билим жана көндүмдөрдү ар түрдүү чөйрөлөрдө колдонууга өбөлгө түзөт.
- Кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо. Заманбап кесиптер тармактар аралык мамилени талап кылат.

Демек, окуучулар бул нерселерди өздөштүрүү аркылуу аналитикалык жана көйгөйлөрдү чечүү көндүмдөрүн, критикалык ой жүгүртүү жөндөмдөрүн жана медиа сабаттуулукту өнүктүрүү; маалымат менен иштөө, жашыл экономиканы түзүү, аң-сезимдүү жоопкерчилик; социалдык-коммуникативдик көндүмдөргө; чет тил, тарых, арт, командада иштөөгө, өзгөрүүлөргө ыңгайлашууга, өмүр бою билим алууга тарбияланышат.

Көрсөтүлгөн натыйжаларга жетишууну камсыз кылуучу 12 жылдык мектепте билим берүүнүн мазмунун конструкциялоонун негизги принциптери болуп төмөнкулөр саналат, алардын ичинен:

- азыркы учурда дүйнөдө жана Кыргызстанда болуп жаткан тез технологиялык жана башка өзгөрүүлөрдү эске алган алдыңкы билим берүү концепциясын ишке ашыруу;

- окуучулардын жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү камтыган билим берүүнүн мазмунунун инсандык багытын, кызыкчылыктарын жана каалоолорун эске алуу менен алардын билим алуусун жекелештирүү;

- окуучулардын дуйнө жөнүндө түшүнүктөрүнүн бүтүндүгүн камсыз кылууга багытталган билим берүүнүн мазмунун интегрициялоо;

- окуучулардын келечектеги жашоо стратегиясын тандоосунун шарты катары билнм берүүнүн мазмунун профилдештирүү жана дифференциациялоо:

- билим беруу чөйрөсү катары ар кандай кошумча маалымат массивдерин жана окуу материалынын башка булактарын пайдаланууну камтыган билим берүүнүн мазмунунун ачыкtыгы. [5]

Жүргүзүлгөн изилдөө интеграцияланган окутуунун 12 жылдык билим берүү шартында өтө маанилүү экенин көрсөттү. Ал билим берүүнүн сапатына коюлган заманбап талаптарга жооп берет жана XXI кылымдагы ийгиликтүү ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон компетенцияларды калыптандырууга өбөлгө түзөт жана төмөнкүдөй натыйжаларды берет:

- Дүйнөнүн бүтүндүү картинасын калыптандыруу
- Системалуу жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү
- Окууга мотивацияны жогорулатуу
- Комплекстүү кесиптик маселелерди чечүүгө даярдоо
- Метапредметтик компетенцияларды калыптандыруу

Демек, 12 жылдык билим берүү системасында башталгыч класстарда интеграцияланган окутуу заманбап талаптарга жооп берген эффективдүү мамиле болуп эсептелет жана интеграцияланган мамилени ишке ашырууга ыңгайлуу шарт түзөт. Бирок анын ийгиликтүү болушу педагогдорду даярдоону, тиешелүү окуу программаларын түзүүнү, материалдык-техникалык базаны камсыздоону жана баалоо системасын өркүндөтүүнү талап кылат.

Улуу Жусуп Баласагын бабабыздын: "Бардык иштин башында илим жолу, билимсиздин максатка жетпейт колу" деп айтканындай, 12 жылдык билим берүүдө жакшы жетишкендиктерге жана Сингапур, Финляндия өлкөлөрүндөй билим берүүнүн эң алдынкы өлкөсү болуу үчүн баарыьыз бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган гармониялуу биргелешкен аракетибиз менен ишке ашырабыз жана XXI кылымдын талаптарына жооп берген жаш муундарды тарбиялайбыз деген жыйынтыкка келсек болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Безрукова, В.С. Интеграционные процессы в педагогической теории и практике / В.С. Безрукова. – М.: Педагогика, 2019. – 276 с.
2. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы

3. Мендибаева Н.М. (2024) БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН САБАКТАР ОКУУЧУЛАРДЫ АР ТАРАПТУУ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖАНА ТААНЫП БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН ЖОЛУ КАТАРЫ https://ilim.oshmpu.kg/
4. Мугалим илимий-педагогикалык журналы 2024 (48-49) Апрель-сентябрь
5. Токтом. 2024-жыл 30-октябрь, № 654 Кыргыз Республикасында оп эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясын бекитүү жөнүндө. https://edu.gov.kg/static/pdf/postanovlenie_654_30.10.2024.pdf
6. Токтомаметов А., 12 жылдык билим берүү менен «Алтын казык» программасынын зарылдыгы канчалык. Мугалим илимий-педагогикалык журналы 2024 (48-49) Апрель-сентябрь
7. https://edu.gov.kg/posts/4466/

**УДК: 373.2.015.3:81'271**

## БАЛДАРДЫН МАЙДА МОТОРИКАСЫ — СҮЙЛӨӨ РЕЧИНИН ӨНҮГҮҮСҮНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ (М. МОНТЕССОРИНИН СИСТЕМАСЫНДА)

**Мурзаканова Гулшайыр Арыкова**
**ОшМПУ улук окутуучу**
**ORCID: 0009-0006-0448-7858**
**Gulshaiyr.82.kg@gmail.com**

## МЕЛКАЯ МОТОРИКА ДЕТЕЙ — КАК СРЕДСТВО РАЗВИТИЯ РЕЧИ (В СИСТЕМЕ М. МОНТЕССОРИ)

**Мурзаканова Гулшайыр Арыкова,**
**старший преподаватель Ош ГПУ**
**ORCID: 0009-0006-0448-7858**

## CHILDREN'S FINE MOTOR SKILLS AS A MEANS OF SPEECH DEVELOPMENT (IN THE MONTESSORI SYSTEM)

**Murzakanova Gulshayir Arykova,**
**Senior Lecturer at Osh State Pedagogical University**
**ORCID: 0009-0006-0448-7858**

### Аннотация

Бул макалада баланын майда моторикасынын өнүгүүсү менен сүйлөө речисинин калыптанышынын ортосундагы өз ара байланыш терең иликтенип, М.Монтессоринин педагогикалык системасынын негизинде талдоого алынат. Изилдөөнүн жүрүшүндө баланын кол кыймылдары, манжа булчуңдарынын активдүүлүгү жана сенсордук тажрыйбалары анын мээнин иштешине, айрыкча сүйлөө борборлорунун өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этери белгиленет. Анткени учурда ар кандай гаджеттерди пайдалануудан улам, балдардын сүйлөө речи кечендеген учурлар көп кездешип жататкандыгы негизги маселени туюндурат. Монтессори методикасы баланын табигый өнүгүү муктаждыктарына жана ички потенциалына ылайык түзүлгөндүктөн, анда кол менен аракеттенүү — үйрөнүүнүн, сүйлөөнүн жана акыл-эс өнүгүүнүн негизги каражаты катары каралат. Макалада майда моториканы өнүктүрүү үчүн колдонулган көнүгүүлөрдүн, оюндардын жана атайын Монтессори материалдарынын сүйлөө речисин стимулдаштыруудагы ролу мисалдар менен көрсөтүлгөн. Ошондой эле кыргыз педагогикасында бул методиканы адаптациялоо жолдору, ата-энелер менен мугалимдердин кызматташтыгынын мааниси белгиленет. Жыйынтыгында, майда моториканы системалуу өнүктүрүү баланын тилдик, интеллектуалдык жана социалдык компетенцияларын калыптандыруунун негизги шарты экени далилденет.